# Зуура Кадыркулова атындагы орто мектебинин соц.педагогдун ишинин анализи 2021– 2022 окуу жылы

2021-2022 окуу жылыда социалдык педагогдун коюлган максаты: жалпы окуучулардын социалдык жактан курамын аныктоо, томолой жетимдердин, жарым жетимдердин, ата-энеси чет өлкөдө иштеп жаткан окуучулардын, турмуш шарты оор окуучулардын, мүмкүнчүлүгү чектелген ( майып) жана инклюзивдик окутууга муктаж окуучулардын, окууга тартылбаган окуучулардын, мектептин ички көзөмөлүндө турган “Тобокел топтогу” балдардын тизмелерин аныктоо.

Коюлган максаттын негизинде “Балдардын категориялары” файлы түзүлдү.

| № | Аталышы | 2021-2022 о.ж. сентябрь | 2021-2022 о.ж. май |
|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы окуучулардын саны | 133 | 128 |
| 2 | Тоголок жетимдер | - | 0 |
| 3 | Жарым жетимдер | 10 | 8 |
| 4 | Социалдык жетимдер | 0 | 0 |
| 5 | Көп балалуу үй-бүлөдогу балдар | 17 | 11 |
| 6 | Ден-соолугу боюнча мумкунчулугу чектелген балдар(инвалид) | 4 | 4 |
| 7 | Толук эмес үй-бүлөдогү балдар (ажырашкандар) | 16 | 16 |
| 8 | Аз камсыз үй-бүлөнун саны | 3 | 2 |
| 9 | Аз камсыз үй-бүлөдогү балдар | 9 | 5 |
| 10 | Өгөй эне менен жашаган балдар | 3 | 2 |
| 11 | Өгөй ата менен жашаган балдар | 2 | 2 |
| 12 | Сырткы эмгек мигранттардын балдары | 11 | 7 |
| 13 | Ички эмгек мигранттардын балдары | 1 | 0 |
| 14 | Туулгандыгы тууралу куболук жок балдар | 3 | 0 |
| 15 | Мектепке тартылбай калган балдар | 0 | 0 |
| 16 | Камкордукка алынган балдар | 3 | 4 |
| 17 | Суицид учурлар(фактылар) | 0 | 0 |
| 18 | ИДН учетунда турган балдар | 0 | 0 |
| 19 | ВШУ учетунда турган балдар | 0 | 2 |
| 20 | Кылмышка катышкан мектеп окуучулардын саны | 0 | 0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 21 | «Тобокел тобуна» катталган балдардын саны | 0 | 16 |
| 22 | Турмуштук кыйын кырдаалга кабылган окуучулардын саны | 0 | 6 |
| 23 | «Совет профилактиканын» мучолорунун саны | 6 | 7 |

Аткарылган иштердин натыйжасында жыл аягы менен салыштырганда төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрдө өзгөрүүлөр байкалган .

2021-2022 окуу жылы ичинде сырткы жана ички эмгек мигранттардын саны азайып , мектеп ичинде ата-энеси мигрант болгон 7 окуучу болду. Андан тышкары окуучулардын келип-кетүүсүнө байланыштуу жарым жетим окуучулардын саны 8 окуучу, аз камсыз болгон үй-бүлөөдөгү окуучулар 5, көп балалуу үй-бүлөөдөгү балдар 11 болду.
Мектеп боюнча туулган туурралу күбөлүктөрү баардык окуучуларда бар.
Турмуштук кыйын кырдаалга кабылган окуучулардын тизмесине 6 окуучу киргизилген.
“Тобокел тобуна” 17 окуучу киргизилип, көзөмөлгө алынган. Өгөй ата, өгөй эне менен жашаган балдардын саны 2.
Туугандары тарабынан камкордукка алынган балдардын саны 4 окуучуну түздү.

Пед.коллектив менен иштөөдө класс жетекчилер балдар арасында «Рэкетчилик» , “Тамеки чегүү ден-соолукка зыян”, “Биз зордук-зомбулукка каршыбыз” жана башка темадагы проблемаларын алдын алуу максатында окуучулар менен тегерек стол, диспут жана чогулуштар аркылуу түшүндүрүү иштери өткөрүлүлдү.





Үй-бүлөө менен иштөөдө сабактан жетишпеген балдардын ата-энелери менен чогулуштар уюштурулуп, сүйлөшүү аркылуу иштер жүргүзүлдү. Тарбияга оорчулук

келтирген балдарга жыл бою тез-тез көзөмөл жүргүзүлүп жатты. Ата –энелерге балдарына болгон жоопкерчилигин күчөтүү жөнүндө жеке консультациялар берилди.

Ошондой эле балдардын укуктук билим денгээлин жогорулатуу максатында, бала укуктары тууралуу конвенциясы менен окуучулар арасында тааныштыруу иштери жүргүзүлдү.

Балдарды зордук –зомбулуктан сактоо жана балдар арасында суицид проблемасын алдын алуу максатында окуучулар жана ата-энелер менен жекече маектешүүлөр жүргүзүлүп жана видео роликтер даярдалып, ата-энелер чогулушунда көрсөтүлдү.



Ошондой эле, турмуш шарты оор окуучулардын канцелярия менен камсыз болушуна көмөк көрсөтүү максатында окуучулар арасында кайрымдуулук акция өткөрүлүп , 6 000 сом каражат чогултулган. Келип түшкөн каражатка 2 майып жана 10 жарым жетим балдарга канц.товарлар алынып , таратылып берилди.
Андан тышкары мектеп мугалимдери тарабынан да акча каражаттары топтолуп муктаж болгон окуучуларга жардам көрсөтүлдү, алардын ичинен Жолдошбеков Байэл менен Жолдошбеков Байтиктин мектептеги тамак-ашына ай сайын педколлектив тарабынан көмөк көрсөтүлүп жатат.


Профилактикалык Кеңеш жана Сокулук РИИБнун жаш өспүрүмдөр менен иш алып баруу (ИДН) инспекторлору менен биргеликте балдар арасында кылмыштуулукту алдын алуу максатында окуучулар менен профилактикалык түшундуруу иштери жургузүлүп чогулуштар иштери аткарылып жатты.

2022 жылдын 9 февралында Сокулук РИИБнун буйругунун негизинде ЖЖИИ участкалык инспектору Адылбаев К.Б., милициянын ага летейнанты Эшенов Б., жана милициянын лейтенанты Жаныбек кызы А. тарабынан “Лидер” аттуу рейди жүргүзүлгөн.

Рейддин максаты мектеп окуучулардын арасында укук бузууларды жана андан чыккан чыр-чатактарды алдын алуу.

Рейд учурунда мектеп ичининдеги лидерлери аныкталып , алдын алуу иштери жүргүзүлдү. Анда 8 класстын “лидер” окуучулары болуп Алымкулов Артык жана Камчыбеков Алихан болуп аныкталган. Айтылган окуучулар мектептеги жалпы эрежелерди бузуп , жүрүм-туруму начар болуп, уруш-чатактарды уюштуруп , сабакты себепсиз калтырып, ошондой эле алардын үстүнө кичүү класстардын окуучулары арыздануулары менен кайрылышкан.

Түшкон арызданууларын негизинде төмөнкү иш чаралар жүргүзүлдү.
Алдын алуу иштеринин учурунда айтылган балдардын ата-энелери, класс жетекчилери чакырылып, организатор, соц педагог жана Профилактикалык кеңештин мучөлөрү менен биргеликте жыйын өткөрүлүп Алымкулов А. менен Камчыбеков Алиханды мектеп ичиндеги учетко 3 ай убагына чейин алынуусу жөнүндө чечими чыгарылды.
Чечимдин жыйынтыгында аталган окуучулардын ата-энелерине эскертүү берилип, жана күчөтүлгөн көзөмөлдөө милдеттендирилди. 3 ай убакыт ичинде Алымкулов А. жана Камчыбеков А. жүрүм-туруму жакшы болгондугуна байланычтуу Профилактикалык кеңешинин мүчөлөрүнүн жыйынында мектеп ичиндеги учетунан алынуусу чечими чыгарылган.

Бекитилген пландын негизинде инвалид жана инклюзив окуучулардын сабакты өздөштүрүүсүн байкоодо окуучулардын сабактарына катышып, көпчүлүк сабактардан жетишүүлөрү жакшы экени байкалып, окуучунун үй-бүлөдөгү жашоо шарты аныкталып жакшы экени белгиленди.

Окуу жыл аягында мамлекеттик экзамендер учурунда бүтүрүүчү класстагы окуучуларга өзүн бекем кармап стресске кабылбашы үчун сунуштар берилип жатат.

Ошондой эле, жайкы каникулда жаш өспүрүмдөрдүн эмгегин оор жумуштарга пайдалануу коркунучтарына бөгөт коюу боюнча ата-энелер менен аңгемелешүүлөр болуп жатат.

**Кийинки 2022-2023 окуу жылына карата төмөндөгүдөй максат, милдеттер коюлду:**

1. Үй-бүлөөлук көйгөйлөрдүн, социалдык жетимдиктин, балдарга карата зомбулуктун жана коомго жат жүрүм-турумдун, кароосуз калуунун алдын алуу.

2. Окуучуларга жана ата-энелерине баарлашууда, билим алууда, өнүгүүдө, социалдашууда көйгөйлөрү бар же социалдык жактан жабыркаган «Тобокел тобундагы» балдарга өз убагында социалдык-педагогикалык , психологиялык жана укуктук жардамдарды көрсөтүү.

3. Балдарга социалдык коргоо көрсөтүүгө багытталган социалдык жана малыматтык жардам берүү .

4. Балдардын укук бузууларын алдын алуу жана профилактикалык иштерди жүргүзүү.

5. Балдар арасында сергек жашоо образын жайылтуу жана спорт кружокторуна,ийримдерге тартуу.

Директор: Атантаева А.Б.

Соц.педагог: Ниязалиева А.А.